НЕЛЛИ КОПЕЙКИНА

Пособие для изучения русского языка киргизскоязычными лицами и для изучения киргизского языка русскоязычными лицами

«ПРО ЕДУ». «ТАМАК ЖӨНҮНДӨ»

Нелли Копейкина

Пособие для изучения русского языка киргизскоязычными лицами и для изучения киргизского языка русскоязычными лицами

«Про еду». «Тамак жөнүндө»

Издательские решения
По лицензии Ridero
2024

УДК 8
ББК 80
К65

Шрифты предоставлены компанией «ПараТайп»

Копейкина Нелли

К65 Пособие для изучения русского языка киргизскоязычными лицами и для изучения киргизского языка русскоязычными лицами : «Про еду». «Тамак жөнүндө» / Нелли Копейкина. — [б. м.] : Издательские решения, 2024. — 20 с.
ISBN 978-5-0053-0711-8

Данная книга предназначена для обучения русскоязычных лиц киргизскому языку и киргизскоязычных лиц русскому языку.

Перевод осуществлён Сабаевой Жамалкуль Турдакуновной.

Бул китеп орус тилдүү элдерге кыргыз тилин жана кыргыз тилдүү адамдарга орус тилин үйрөтүүгө арналган. Жарым бөлүккө бөлүнгөн китептин беттеринде Нелли Копейкинанын «Тамак жөнүндө» жомогунун кыргызча жана орусча жазылышы синхрондуу берилген.

Которгон Сабаева Жамалкуль Турдакуновна.

УДК 8
ББК 80

(0+) В соответствии с ФЗ от 29.12.2010 №436-ФЗ

ISBN 978-5-0053-0711-8
© Нелли Копейкина, 2024
© Жамалкуль Турдакуновна Сабаева, перевод, 2024

«Про еду»

Федя не хотел есть, упрямился за столом, а вот о том, к чему это привело, и как Федя справился с этим, рассказывается в этой сказке.

«Тамак жөнүндө»

Федя дасторкон үстүндө тамак жегиси келбей кежирленди, бирок бул эмнеге алып келди жана Федя аны кандай жеңгендиги жөнүндө ушул жомокто баяндалат.

Переводчик
Сабаева Жамалкуль Турдакуновна - поэт, переводчик, сопредседатель литературного совета Ассамблеи Народов Евразии, отличник Культуры Кыргызской Республики, общественный деятель, член Союза Писателей Кыргызской Республики; член Московской областной организации Союза Писателей России; действительный член Международной академии русской словесности. Переводчик следственных органов и судей г. Москвы и МО.

Автор
Копейкина Нелли Григорьевна - прозаик, поэт, драматург, сценарист, переводчик. Член МГО Союза писателей России; член Российского Союза писателей; член Московского Союза литераторов и ряда других литературных объединений; Действительный член Академии российской литературы и Международной академии русской словесности.
Член Союза журналистов России.

Сабаева Жамалкуль Турдакуновна – акын, котормочу, Евразия Элдеринин Ассамблеясынын адабий кеңешинин теңтөрайымы, Кыргыз Республикасынын Маданиятынын мыкты кызматкери, коомдук ишмер, Кыргыз Республикасынын Улуттук Жазуучулар Союзунун мүчөсү; Москва областтык Орусиянын Жазуучулар Союзу кошунунун мүчөсү; Эл аралык орус адабияты академиясынын анык мүчөсү. Москва жана Москва облусу боюнча тергөө жана сот бөлүмдөрүнүн котормочусу.

Копейкина Нелли Григорьевна – прозаик, акын, драматург, сценарист, котормочу. Россия жазуучулар Союзунун, Россиянын жазуучулар Союзунун, Москва жазуучулар Союзунун жана башка бир катар адабий бирикмелеринин мүчөсү; Орус адабияты Академиясынын жана Эл аралык орус адабияты академиясынын анык мүчөсү.

Россиянын журналисттер Союзунун мүчөсү.

Тамак жөнүндө

Федя Егоров аттуу бала тамактанып жатып, кежирленди:

- Мен шорпо ичпейм, ботко жебейм. Нан жакпайт!

Шорпо, ботко жана нан ага таарынып, дасторкондон жок болуп, токойдо пайда болуп калышты.

Ошол маалда каардуу, ач карышкыр токойдо шимшилеп бара жатып, мындай деди:

Про еду

Мальчик Федя Егоров заупрямился за столом:

– Не хочу есть суп, и кашу не буду. Хлеб не люблю!

Обиделись на него суп, каша и хлеб, исчезли со стола и оказались в лесу.



А в это время по лесу рыскал злой голодный волк и говорил:

- Шорпо, ботко жана нанды жакшы көрөм! Ой, болгондочу, аларды ушундай жейт элем!	– Люблю суп, кашу и хлеб! Ой, как бы я их поел!
Муну уккан тамак карышкырдын оозуна учуп кирди.	Услышала это еда и полетела волку прямо в пасть.
Карышкыр тойуп, өзүнчө ыраазы болуп, жаланып отурду. Ал эми Федя болсо тамак жебестен, дасторкондон туруп кетти. Кечки тамакка апасы картошкадан даярдалган куймак менен кисель берди, Федя кайра дагы кежирленди:	Наелся волк, сидит довольный, облизывается. А Федя, так и не поев, ушёл из-за стола. На ужин мама подала картофельные оладьи с киселём, а Федя снова заупрямился:
- Апа, мен куймак жебейм, челпек менен каймак жегим келет!	– Мама, да не хочу я оладьи, я хочу блины со сметаной!
Федя муну айтып бүтө электе эле куймак табактан жоголуп, каардуу ач карышкыр жашаган токойдо болуп калды. Кайрадан карышкыр баарын жеп койду.	Не успел Федя это договорить, как оладьи исчезли с тарелки и очутились в лесу, где жил злой голодный волк. И снова волк всё съел.
Эртең мененки тамактын	За завтраком всё

алдында кайрадан баардыгы кайталанды. Федя бөлкө нан менен майды жактырбайм деп айтып бүткүчө, бөлкө нан жок болуп кетти. Дасторкондо бир чыны какао гана калды.



Ар дайым Федя тамак жөнүндө жаман сүйлөгөн сайын ушундай боло берди, ал дароо жок болуп кетип, карышкырдын оозуна түшүп калып жатты. Федя тамакка тойбогондуктан өспөй, ал тургай алсырай баштады.

Короодогу балдар аны эң кичинекей жана алсыз деп

повторилось. Не успел Федя ещё даже договорить о том, что он не любит булку с маслом, булка исчезла. Осталась на столе стоять только кружка с какао.

И стало так всегда, только Федя плохо высказывался о еде, она исчезала и тут же оказывалась в пасти волка. Федя от недоедания перестал расти и даже стал слабеть.

Во дворе ребята считали его самым маленьким и самым слабым.

эсептей башташты.

Карышкыр болсо, тескерисинче, өсүп, күчтөнө берди. Эми ал иштебей да койсо болот, бой көтөрүп, кичинекей балдарды таарынта баштады. Карышкыр күч топтогон сайын өзүн токойдун кожоюну сезип, жана коёндорго, тыйын чычкандарга, кирпилерге, чычкандарга, бакаларга токойдогу козу карын жана жер жемиштерди жулганга тыйуу сала баштады.

Карышкыр болгону аюудан гана бир аз коркот эле,

Волк же, наоборот, стал расти и крепнуть. Теперь ему не надо было трудиться, он стал зазнаваться и стал обижать маленьких.
Когда побольше окреп, Волк объявил себя хозяином леса и запретил зайцам, белкам, ежам, мышам, лягушкам рвать в лесу грибы, ягоды и орехи.

Только медведя волк немного побаивался, да с

бирок ал түлкү менен дос болчу.

Карышкыр эртеден кечке иштебей, күнгө жатып алып ыр ырдап, же балдарды кууп жүрчү.

***

Күндөрдүн бир күнүндө Федя жашаган короодогу балдар токойго барууга камданышты, бирок алар Федяны өздөрү менен алып баргысы келген жок.

“Сен - алсызсың, артта калып каласың” - дешти. Бирок, Федя алар менен абдан баргысы келди, ал алардан ушунчалык суранды, балдар ага боору ооруп, бирге алып алмай болушту.

лисой дружил.

Целыми днями волк бездельничал, лёжа на солнышке, распевал песни или гонялся за малышами.

***

Однажды ребята из двора, где жил Федя, собрались идти в поход в лес, но Федю брать с собой не хотели.

«Ты, – говорят, – слабый. Отстанешь ещё». Но Феде так хотелось пойти с ними, он так просил их, что ребята сжалились над ним и взяли с собой.

Балдар токойго ынтымакта, кубанып, көңүлдүү ырлар менен токойго жөнөштү. Бирок Федя тез чарчап, катардан артта кала баштады. Ошондо ал дүмүргө отуруп, эс алып, күч топтоп алып жаңы күч менен балдарды кууп жетейин деп чечти. Федя эми отурайын дегенде, бадалдын арасынан бирөөнүн ыйлаганын укту.

Жакшылап караса, боз коёнек ыйлап, колдору менен бетин сүртүп жаткан экен.

- Коёнек, сен эмнеге ыйлап жатасың? - деп Федя

Шли ребята в лес дружно, весело, с весёлыми песнями. Но Федя быстро устал и стал отставать от отряда. Тогда он решил присесть на пенёк, отдохнуть, набраться сил и с новыми силами догнать ребят. Только Федя присел, слышит, в кустах кто-то плачет.

Пригляделся, а это зайка серенький плачет, лапками мордочку утирает.

– Зайка, почему ты плачешь? – спросил Федя

коёнектен сурады. Коёнек ага мындай деди:
- Кантип ыйлабайм, менин короомдо капустам бар эле, мен аны аракет кылып карачумун, карышкыр келип, тебелеп, баардык капустаны жулуп таштады. Эми ал өспөйт, менде түшүм болбой калат.

- Сен ушундайга жол бербей, ошол карышкырга көргүлүктү көрсөтсөң болмок! - деди Федя муштумун түйүп.
- Сен эмне, - деди коёнек, - мен ага кантип көрсөтөт элем.
Карышкыр ушундай чоң, ушундай күчтүү. Ал баарына тийишип, баарын таарынтат. Ал өзүн токойдун кожоюнумун деп

зайчика. А зайчик ему отвечает:
– Как же мне не плакать, был у меня огород с капустой, я так ухаживал за ним, так старался, а пришёл волк, потоптал и повыдергал всю капусту. Не вырастет она теперь, не будет у меня урожая.

– Так ты бы не допускал этого, задал бы этому волку как следует! – сказал Федя, погрозив кулаком.

– Что ты, – ответил зайка, – как же я ему задам. Волк такой большой, такой сильный. Он ко всем придирается, всех обижает. Объявил себя хозяином леса и не разрешает нам собирать в

жарыялап жана токойдо козу карын, мөмө жемиш терүүгө уруксат да бербейт.

- Карышкыр баарын таарынтат! - Федя ачууланды. - Ал кайда, мен аны менен азыр чечишем!

- Сен эмне, сен эмне, бала, - деп коёнек тынчсызданды. - Сенин ага алың жетпейт, сен ушунчалык кичинекей жана алсызсың, а карышкыр күчтүү жана чоң. Кайсы бир жаман бала өзүнүн тамагын жебейт, анын баарын карышкыр жеп алат. Карышкыр азыр жумуш иштебейт, ал ар дайым ток жүрөт, күндөн-күнгө чыңалып, барган сайын ачуулуу, уятсыз болуп баратат. Андан көрө, бала, бул жерден тезирээк кет, болбосо ал сени көрүп, көргүлүктү көрсөтөт.

"Чын элеби, - деп ойлоду Федя, мен ушунчалык алсызмын, атүгүл

лесу грибы и ягоды.

– Волк всех обижает! – возмутился Федя. – Где он, я сейчас с ним разберусь!

– Что ты, что ты, мальчик, – забеспокоился зайчик. – Тебе с ним не справиться, ты такой маленький и слабый, а волк сильный и большой.

Какой-то плохой мальчик не кушает свою еду, и всю её поедает волк. Волк теперь совсем не знает труда, ходит всегда сытый, крепнет день ото дня и делается всё злее и наглее. Ты, мальчик, уходи отсюда скорее, а то он увидит тебя и задаст тебе.

«Правда, – подумал Федя, – я такой слабый, вот даже от ребят отстал».

балдардан артта калдым".

Федя коёнек айткан жаман бала өзү экендигин түшүндү. Ал катуу уялды.

- Капа болбо, коёнек, - деди ал Коёнекке, - токойдо жер-жемиштер менен козу карындар толтура, эч нерсе болбойт, а биз карышкыр менен чечишебиз.

Федя балдарга жетиш үчүн чуркап жөнөдү, а алар анын артта калганын көрүшүп, ага кайра кайтып келе жатышкан. Миша токойдо таяк менен жүрүү ыңгайлуу болуш үчүн ага өзүнүн

Понял Федя, что плохой мальчик, о котором говорил зайчик, это он. Стыдно ему стало.

– Не расстраивайся, зайка, – сказал он Зайчику, – в лесу полно ягод и грибов, не пропадёшь, а с волком мы разберёмся.

Федя побежал догонять ребят, а те, увидев, что он отстал, уже возвращались за ним. Миша дал ему свою палку, с палкой удобнее ходить по лесу, Коля взял у него рюкзак, и

таягын берди, Коля андан рюкзагын алып, андан ары бирге жөнөштү.

***

Федя токойдон үйүнө келип, тез колун жууп, апасы качан дасторкон жаят деп күтүп калды. Апасы тамактанууга баардык керектүүлөрдү дайардаганча, Федя ага жардам бере баштады. Дасторконду бирге тез жайышып, бүт үй-бүлөсү тамактанууга отуруп калышты.

Федя баардык койулган тамактарды жеп, жада калса кошумча сурады. Ошентип, карышкыр ачка калды.

ребята пошли дальше.

***

Вернувшись из похода домой, Федя быстро помыл руки и стал ждать, когда мама начнёт накрывать на стол. Как только мама начала готовить всё необходимое, Федя стал ей помогать. Вместе быстро накрыли на стол, сели всей семьёй кушать.

Федя съел всё, что было подано, и даже попросил добавки. А волк остался голодным.

Кийинки жолу дагы Федя баарын өзү жеди, а карышкыр дагы ачка калды. Ошондон бери Федя карышкырды ачка калтырып, баарын өзү жей баштады. Керек болсо, ал күн сайын көнүгүү жасап, күндөн-күнгө күчкө толо баштады, а карышкыр, тескерисинче, алсырай баштады. Балдар кийинки ирет токойго барууга камынганда, баардыгы Федяны башчы кылып шайлашты. Балдар токойго келишкенде, Федя жаныбарлардан сурады:

В следующий раз Федя тоже съел всё сам, а волк снова остался голодным. С тех пор Федя всё стал съедать сам, оставляя волка голодным. Да ещё каждый день Федя стал делать зарядку, отчего стал крепнуть день ото дня, а волк, наоборот, стал слабеть. Когда в очередной раз ребята собрались пойти в лес, все дружно командиром выбрали Федю. Пришли ребята в лес, и Федя спросил у зверей:

- Силерди капа кылган каардуу карышкыр кайда?
Жаныбарлар жооп беришти:
- Биздин карышкыр эчак эле оңолгон, ал эми бизди капа кылбайт.
Чындыгында, карышкыр балдар менен кубалашканга убактысы жок, ал иштеши керек, тамак-аш табышы керек болчу.

– Где злой волк, который вас обижает?
А зверята ответили:

– Наш волк уже исправился, он больше не обижает нас.
И верно, некогда волку за ребятами гоняться, надо ему трудиться, надо еду добывать.

Нелли Копейкина

Пособие для изучения русского языка киргизскоязычными лицами и для изучения киргизского языка русскоязычными лицами

«Про еду». «Тамак жөнүндө»

Переводчик Жамалкуль Турдакуновна Сабаева

Создано в интеллектуальной издательской системе Ridero

Данная книга предназначена для обучения русскоязычных лиц киргизскому языку и киргизскоязычных лиц русскому языку.
Перевод осуществлён Сабаевой Жамалкуль Турдакуновной.

Бул китеп орус тилдүү элдерге кыргыз тилин жана кыргыз тилдүү адамдарга орус тилин үйрөтүүгө арналган. Жарым бөлүккө бөлүнгөн китептин беттеринде Нелли Копейкинанын «Тамак жөнүндө» жомогунун кыргызча жана орусча жазылышы синхрондуу берилген.
Которгон Сабаева Жамалкуль Турдакуновна.

ISBN 978-5-0053-0711-8
9 785005 307118 >